КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында өзгөчө абал киргизүү жөнүндө

2020-жылдын 11-мартында Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму COVID-19 жаңы коронавирустук инфекциясынын (мындан ары – коронавирустук инфекция) жайылышын пандемия катары жарыялады.

2020-жылдын 18-мартынан 14-апрелине чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында жарандардын коронавирустук инфекцияны жуктуруп алган 430 фактысы, анын ичинде Нарын шаарында – 5, Нарын облусунун Ат-Башы районунда – 19 факт тастыкталды.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 9-бөлүгүнүн 2-пунктуна, "Өзгөчө абал жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4 жана 7-беренелерине ылайык жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоонун, алардын коопсуздугун жана коомдук тартипти камсыз кылуунун өзгөчө кызыкчылыгын көздөп, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка аймактарына коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоо максатында **токтом кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында 2020-жылдын 15-апрелинен саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 30-апрелине саат 08.00гө чейин өзгөчө абал киргизилсин.

2. Өзгөчө абал киргизилген мезгилде Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Нарын облусунун ички иштер башкармалыгынын начальниги Аалиев Уланбек Карыбекович Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун коменданты болуп (мындан ары – Комендант) дайындалсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О введении чрезвычайного положения на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики

Всемирная организация здравоохранения 11 марта 2020 года объявила распространение новой коронавирусной инфекции COVID-19 (далее – коронавирусная инфекция) пандемией.

В период с 18 марта по 14 апреля 2020 года на территории Кыргызской Республики были подтверждены 430 фактов заражения граждан коронавирусной инфекцией, в том числе в городе Нарын – 5, Ат-Башинском районе Нарынской области – 19.

В соответствии с пунктом 2 части 9 статьи 64 Конституции Кыргызской Республики, статьями 3, 4 и 7 конституционного Закона Кыргызской Республики «О чрезвычайном положении» исключительно в интересах обеспечения защиты жизни и здоровья граждан, их безопасности и общественного порядка, а также в целях предотвращения распространения коронавирусной инфекции на другие территории Кыргызской Республики **постановляю**:

1. Ввести чрезвычайное положение на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики на период с 08.00 часов 15 апреля 2020 года до 08.00 часов 30 апреля 2020 года.

2. Назначить начальника Управления внутренних дел Нарынской области Министерства внутренних дел Кыргызской Республики Аалиева Уланбека Карыбековича комендантом города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики (далее – Комендант) на период введения чрезвычайного положения.

3. Өзгөчө абал режимин камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында комендатура түзүлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун комендатурасы жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында төмөнкүдөй өзгөчө чаралар, жарандардын укуктарын жана эркиндигин убактылуу чектөөлөр жана алардын кошумча милдеттери аныкталсын:

1) коменданттык саат киргизилсин;

2) жарандардын келип-кетүүсүнүн өзгөчө режими киргизилсин;

3) айрым жарандарга белгиленген мөөнөткө өз үйүн (батирин), же болбосо обсервацияда же дарылануда болгон жерди таштап кетүүгө тыюу салынсын;

4) коомдук тартипти сактоого, стратегиялык объекттерди жана калктын жашоо-турмушун камсыз кылуучу объекттерди коргоого ички иштер жана коргоо маселелерин тескеген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын бөлүктөрү тартылсын;

5) оюн-зоок, спорттук жана башка массалык иш-чараларды, ошондой эле иш таштоолорду, чогулуштарды, митингдерди, көчө жүрүштөрүн, демонстрацияларды жана пикеттерди өткөрүүгө тыюу салынсын;

6) аймактын жашоочусу болбой туруп коомдук тартипти бузгандар, анын ичинде чет элдик жарандар да алар туруктуу жашаган жерге же өзгөчө абал жарыяланган жерден тышкары жерге өздөрүнүн каражаттарынын эсебинен чыгарып жиберилсин;

7) ишканалардын жана уюмдардын продукция өндүрүү жана жеткирүү боюнча ишин камсыз кылуу максатында алардын иш планына өзгөртүүлөр киргизилсин, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын иштөөсүнүн өзгөчө режими белгиленсин, ошондой эле алардын чарбалык ишинин башка маселелери чечилсин;

8) жүйөлүү себептер боюнча бошотулган учурларды кошпогондо, жумушчулардын жана кызматчылардын өз каалоосу боюнча иштен бошонуусуна тыюу салынсын;

9) карантин киргизилсин жана милдеттүү болгон башка санитардык-эпидемиологиялык иш-чаралар өткөрүлсүн;

10) коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоо үчүн мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ресурстары колдонулсун;

11) коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоо үчүн эмгекке жарамдуу жарандар эмгекти жана саламаттыкты коргоонун талаптарын милдеттүү түрдө сактоо менен тартылсын;



3. Образовать комендатуру на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики для обеспечения режима чрезвычайного положения.

4. Утвердить Положение о комендатуре города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики согласно приложению.

5. Определить следующие чрезвычайные меры, временные ограничения прав и свобод граждан и их дополнительные обязанности на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики:

1) вводить комендантский час;

2) вводить особый режим въезда и выезда граждан;

3) запрещать отдельным гражданам покидать на установленный срок свой дом (квартиру) либо место, в котором они находятся на обсервации или лечении;

4) привлекать к охране общественного порядка, стратегических объектов и объектов, обеспечивающих жизнедеятельность населения, подразделения уполномоченных государственных органов, ведающих вопросами обороны и внутренних дел;

5) запрещать проведение зрелищных, спортивных и других массовых мероприятий, а также забастовок, собраний, митингов, уличных шествий, демонстраций и пикетов;

6) выдворять нарушителей общественного порядка, не являющихся жителями данной местности, в том числе и иностранных граждан, за их счет к месту своего постоянного пребывания или за пределы местности, где объявлено чрезвычайное положение;

7) в целях обеспечения деятельности предприятий и организаций по производству и поставкам продукции вносить изменения в планы их работы, устанавливать особый режим работы предприятий, учреждений и организаций, а также решать другие вопросы их хозяйственной деятельности;

8) запрещать увольнения рабочих и служащих по собственному желанию, кроме случаев увольнения по уважительным причинам;

9) вводить карантин и проводить другие обязательные санитарно-противоэпидемические мероприятия;

10) использовать ресурсы государственных предприятий, учреждений и организаций для предотвращения распространения коронавирусной инфекции;

11) привлекать трудоспособных граждан для предотвращения распространения коронавирусной инфекции при обязательном соблюдении требований охраны труда и их здоровья;

12) вводить контроль за средствами массовой информации, если эти средства могут использоваться для нагнетания сложившейся обстановки на территории, где объявлено чрезвычайное положение;

12) эгерде өзгөчө абал жарыяланган аймакта түзүлгөн кырдаалды курчутуу үчүн колдонулушу мүмкүн болсо, анда жалпыга маалымдоо каражаттарын контролдоо киргизилсин;

13) байланышты пайдалануунун өзгөчө эрежелери киргизилсин;

14) дипломатиялык кызматтардын транспортун коштогондо, транспорт каражаттарынын, анын ичинде чет элдик транспорт каражаттарынын кыймылы чектелсин жана аларды карап чыгуу жүргүзүлсүн;

15) жарандар массалык топтолгон жерлерде документтер текшерилсин;

16) жеке иш-чараларды (үйлөнүү тойлорун, туулган күндөрдү белгилөөнү жана башка иш-чараларды) өткөрүү жөнгө салынсын;

17) өзгөчө абал жарыяланган аймакта жашаган жарандар үчүн төмөнкүдөй кошумча милдеттер киргизилсин:

– өздүк коопсуздукту камсыз кылуу боюнча алдын ала чараларды көрүү;

– күнүмдүк иште коопсуздук чараларын сактоо, коронавирустук инфекциянын жайылышына алып келиши мүмкүн болгон бузууларга жол бербөө;

– жеке коргонуу каражаттарын колдонуу эрежелерин үйрөнүү;

– коронавирустук инфекциянын жайылышын алдын алууда мамлекеттик бийлик органдарына жана уюмдарга көмөк көрсөтүү;

– коронавирустук инфекциянын жайылышынын коркунучу жөнүндө тиешелүү мамлекеттик органдарга маалымат берүү.

6. Комендант Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоо, жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоо, коопсуздугун камсыз кылуу боюнча толук чараларды көрсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы жана ишке тартылган башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоодо, коопсуздугун камсыз кылууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка аймактарына коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоодо Комендантка бардык бар болгон каражаттары жана күчтөрү менен ар тараптан көмөк көрсөтсүн.

8. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна өзгөчө абал мезгилинде Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында жарандык, жазык, административдик иштердин, жоруктар жөнүндө иштердин, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн материалдарынын аймактык сотко караштуулугун өзгөртүү укугу берилсин.



13) вводить особые правила пользования связью;

14) ограничивать движение транспортных средств, в том числе иностранных, и проводить их досмотр, за исключением транспорта дипломатических служб;

15) проверять документы в местах массового скопления граждан;

16) регулировать проведение частных мероприятий (свадьбы, дни рождения и другие мероприятия);

17) вводить для граждан, проживающих на территории, где объявлено чрезвычайное положение, следующие дополнительные обязанности:

– принимать заблаговременные меры по обеспечению собственной безопасности;

– соблюдать меры безопасности в повседневной деятельности, не допускать нарушений, которые могут привести к распространению коронавирусной инфекции;

– изучать правила пользования индивидуальными средствами защиты;

– оказывать содействие органам государственной власти и организациям в предупреждении распространения коронавирусной инфекции;

– информировать соответствующие государственные органы об угрозе распространения коронавирусной инфекции.

6. Коменданту принять исчерпывающие меры по предотвращению распространения коронавирусной инфекции, обеспечению безопасности, защиты жизни и здоровья граждан на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики.

7. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики, Министерству внутренних дел Кыргызской Республики, Государственному комитету национальной безопасности Кыргызской Республики, а также Генеральному штабу Вооруженных Сил Кыргызской Республики, другим задействованным государственным органам и органам местного самоуправления оказать всемерное содействие Коменданту всеми имеющимися силами и средствами в обеспечении безопасности, защиты жизни и здоровья граждан, а также предотвращения распространения коронавирусной инфекции на другие территории Кыргызской Республики.

8. Верховному суду Кыргызской Республики предоставить право изменять территориальную подсудность гражданских, уголовных, административных дел, дел о проступках, а также материалов досудебных производств на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики на период действия чрезвычайного положения.

9. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

1) ушул Жарлыкта белгиленген чараларды жана убактылуу чектөөлөрдү ишке ашырганда мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылсын;

2) өзгөчө абал мезгилинде Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында мыйзамда белгиленген тергөөгө караштуулукту өзгөртүү укугу берилсин.

10. Түзүлгөн кырдаалды курчутууну болтурбоо максатында жалпыга маалымдоо каражаттары өзгөчө абал киргизилген мезгилде Комендант берген маалыматтарды таратсын.

11. Бул Жарлык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.

12. Бул Жарлык кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Ш. Жээнбеков**

Бишкек ш.
2020-жылдын 14-апрели
ПЖ № 72



9. Генеральной прокуратуре Кыргызской Республики:

1) обеспечить надзор за соблюдением законности при реализации мер и временных ограничений, установленных настоящим Указом;

2) предоставить право изменять установленную законом подследственность на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики на период действия чрезвычайного положения.

10. Средствам массовой информации в период введения чрезвычайного положения в целях исключения нагнетания сложившейся обстановки распространять информацию, предоставленную Комендантом.

11. Направить настоящий Указ в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики.

12. Настоящий Указ вступает в силу с момента подписания.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Ш. Жээнбеков**

г. Бишкек
14 апреля 2020 года
УП № 72